# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2011-жылдын 28-июну № 59

## "Манас" эпосу жөнүндө

*(КР 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Ушул Мыйзам кыргыз элинин кайталангыс руханий мурасы - "Манас" эпосунун үчилтигин ("Манас", "Семетей", "Сейтек" эпостору) сактоого, өнүктүрүүгө жана даңазалоого байланышкан маселелерди жөнгө салат.

### 1-берене. "Манас" эпосунун үчилтиги

1. "Манас" эпосунун үчилтиги айтылуу баатыр Айкөл Манастын, анын уулу Семетейдин жана небереси Сейтектин кыргыз жерин бөтөн жердик баскынчылардан коргоо, элди жалпы биримдикке бириктирүү, кыргыз элинин эркиндигин жана көз карандысыздыгын, анын руханий, адеп-ахлактык, маданий, улуттук жана башка жалпы адамзаттык баалуулуктарын сактоо үчүн жасаган эрдиктери жөнүндө баяндайт.

2. "Манас" эпосунун үчилтиги дүйнөлүк маданияттын бермети, бардык этностордун жана улуттар аралык ынтымактын толеранттуулук идеяларын бекемдеген, кыргыздардын тарыхын, философиясын, дүйнөтаанымын жана руханий маданиятын камтыган, атуулдукту, достукту, руханий эркиндикти даңазалаган жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана чыңдалышына жаратмандык ролду ойногон кыргыз элинин кайталангыс эпикалык мурасы болуп саналат.

3. "Манас" эпосунун үчилтиги кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык мурасы болуп саналат.

4. "Манас" эпосунун үчилтигинин муундан муунга өтүшү жана өнүгүшү айтуучулар - манасчылар аркылуу жүзөгө ашырылат.

### 2-берене. Ушул Мыйзамдын максаттары жана милдеттери

Ушул Мыйзамдын максаты "Манас" эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо, мамлекеттик коргоо жана калкалоо чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салуу болуп саналат, алар төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, "Манас" эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо, коргоо жана калкалоо боюнча чараларды жана атайын жоболорду аныктоо;

- "Манас" эпосунун үчилтигин коргоо жана колдонуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын, жеке жана юридикалык жактардын коом алдындагы укуктарын жана милдеттерин жол-жоболоштуруу;

- "Манас" эпосунун үчилтигинин укуктук статусун бекемдөө;

- "Манас" эпосунун үчилтигин кеңири пропагандалоо үчүн идеялык-тарбиялык жана тарыхый-маданий чараларды кабыл алуу.

**3-берене. "Манас" эпосунун үчилтиги жөнүндө мыйзамдар**

"Манас" эпосунун үчилтиги жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизденет.

**4-берене. "Манас" эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо, коргоо жана калкалоо жаатында мамлекеттик иштер**

1. Мамлекет Кыргызстандын калкынын кеңири катмарынын арасында "Манас" эпосунун үчилтигин ар тараптан окутуп үйрөтүү үчүн шарттарды түзөт.

2. Мамлекет төмөндөгү чараларды кабыл алат:

- манасчылардын чыгармачылыгын, аткаруу чеберчилигин өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча;

- "Манас" эпосунун үчилтигине илимий изилдөөнү уюштуруу боюнча;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында жана чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларында "Манас" эпосунун үчилтигин окутуп үйрөтүү боюнча;

- "Манас" эпосунун үчилтигинин тексттерин жана анын ар түрдүү калган бардык бөлүктөрүн жок кылуудан, бурмалоодон, өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн, тарыхый контексттен алып салуудан коргоону камсыз кылуу боюнча;

- "Манас" эпосунун үчилтигин жана анын башка бөлүктөрүнүн негизги булактары катары мурда белгисиз тексттерди, кол жазмаларды камтыган жаңы документтерди, археологиялык табылгаларды жана "Манас" эпосунун үчилтиги менен байланышкан тарыхый маалыматтарды табуу жана эсепке алуу боюнча;

- "Манас" эпосунун үчилтиги менен байланышкан эстеликтерди, музей экспонаттарын жана башка баалуулуктарды сактоо боюнча;

- алардын сакталышын камсыз кылган ченемдерге ылайык, "Манас" эпосунун үчилтигинин тексттерин, кол жазмаларын жана башка анын бөлүктөрүн сактоо боюнча;

- башка мамлекеттердин аймагында жайгашкан, Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналган, "Манас" эпосунун үчилтиги менен байланышкан объекттерди коргоо жана сактоо боюнча, ошондой эле республиканын чегинен тышкаркы жерлерде жайгашкан, "Манас" эпосунун үчилтиги менен байланышкан үчилтиктин тексттерин, кол жазмаларын жана башка маданий баалуулуктарды табуу, эсепке алууну уюштуруу, сактоо жана Кыргыз Республикасына кайтаруу боюнча.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Манас идеяларын алдыга жигердүү жылдыруучу коомчулукту тартуу менен Программа иштеп чыгат, иш-чаралардын планын жыл сайын бекитет, анын каржыланышын камсыз кылат, ошондой эле өлкөнүн ичинде жана андан тышкаркы жерлерде "Манас" эпосунун үчилтиги жана анын башка бөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтарды басып чыгаруу, которуу, жайылтуу боюнча чараларды кабыл алат.

*(КР 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-берене. Укуктук жобо**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн адамдар "Манас" эпосунун үчилтигине Кыргыз Республикасынын элинин өзгөчө сыймыгы катары мамиле жасоого милдеттүү.

"Манас" эпосунун үчилтигине сый мамиле жасоо - Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын атуулдук парзы.

2. Мамлекеттик, муниципалдык, жеке менчик жана менчиктин башка түрлөрүндөгү объектилердин жана алар тарабынан чыгарылган продукциялардын аталыштарына "Манас" терминин колдонуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте уруксат берилет.

*(КР 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**6-берене. "Манас" эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо тармагындагы эл аралык кызматташтык**

Кыргыз Республикасы тиешелүү мамлекеттик органдардын атынан төмөнкүлөрдү:

- чет өлкөлөрдө "Манас" эпосунун үчилтигин изилдөө, жайылтуу жана даңазалоо тармагында эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырат;

- дүйнө элдеринин оозеки поэтикалык мурастарынын шедеврлерин сактоо жана коргоо боюнча эл аралык уюмдардын программаларына катышат;

- республиканын чегинен тышкары жакка мыйзамсыз чыгарылып кеткен "Манас" эпосунун үчилтигинин объектилерин кайтаруу боюнча чараларды эл аралык келишимдерге ылайык кабыл алат.

7-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзамдын 4-беренесинин 3-бөлүгү 2012-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

3. Ушул Мыйзамдын 6-беренесинин ченемдери ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин келип чыккан мамилелерге жайылтылбайт.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2011-жылдын 1-июлунда № 53 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **Р. Отунбаева**